# Кыргыз Республикасы Билим берүү жана илим министрлиги

# Ош мамлекеттик университети

# Өзгөн эл аралык медициналык колледжи

# Тарбия иштери боюнча 2021-2022-окуу жылы үчүн отчет

Өзгөн шаары 2022-ж

Кураторлорубуздун педагогикалык сабаттуулугун жакшыртуу, колледждеги кураторлук жумушту бир нукка салуу максатында кураторлорго керектүү «Кураторлор жөнүндө» жобо, кураторлорго усулдук көрсөтмө, студенттик тайпаларда тарбиялык иштерди жүргүзүүнүн болжолдуу планы, куратордук сааттардын темалары жазылган болуп, жыл башында кураторлордун жумушчу пландары бекитилип, жыл ичинде аткарылган.Тайпанын старосталарынын милдеттери, укуктары жөнүндө маалымат берилип түшүндүрүү иштери кураторлордун жардамында жеткирилди.

31-август КР эгемендүүлүгүнүн 30 жылдыгына карата Өзгөн райондук мамлекеттик администрациясы тарабынан өткөрүлгөн иш-чарада коллежибиз байгелүү орунду багындырды.

**Сентябрь айында аткарылган иштер.**

**1-сентябрь Билим майрамы**

- 1-сентябрь Билим майрамы колледжде өткөрүлдү. Майрамда колледждин директору студенттердин жаңы окуу жылы менен куттаптап окууларына ийгилик каалап өттү. Андан соң жаңыдан дайындалган кураторлор тайпалары менен куратордук сааттарды өтүштү.

**Күзгү ишембилик**

- Өзгөн аймактык ооруканасында жайгашкан "Клиникалык дисциплиналар " кафедрасында ишембиликке колледжибиздин студенттери катышты. Ишембиликтин жүрүшүндө имараттын айланысын шыпырып, күзгү жалбырактардан тазалап, бак дарактарды актап сырдашып, арыктарды тазалоого жетишти. Жалпысынан айланасы, ички арыктар, бак дарактар, көчөттөр буталып формовкага келтирилип айланасы толугу менен тазаланды.

"Маданият Мунарасы" фестивалына карата Өзгөн археологиялык музей комплексинде тазалык иш-чарасына колежден студентер катышып музейдин айланасындагы тосмолорду сырдап, актап тазалоо иштерин жүргүзүштү.

**Мамлекеттик тил майрамы өткөрүлдү.**

- "Кыргыз Республикасынын мамалекеттик тили жөнүндө мыйзамынын" 30 жылдыгына карата 2022-жылдын 23-сентябрь күнү өткөрүлгөн 1-курстун тайпалары арасында " Тил – мамалекеттин сыймыгы " атттуу майрамдык иш-чара өткөрүлдү. Майрамдык иш-чарасынын жүрүшүндө студенттер өз таланттарын төмөндөгүчө. Көркөм окуу, дубал гезит, улуттук бий, бата берүү салты, адистиктердин тил майрамына байланыштуу көргөзмөлөрдү көрсөтө алышты. Майрамдык иш-чарага мыкты жана активдүү катышкан командалар колледждин дипломдору жана баалу белектери менен сыйланышты.

**Күзгү ишембиликтер.**

- Аптанын ар ишемби сайын, колледждин эки корпусунда тең ишембиликтер өткөрүлдү. Райондук шаардык деңгээлдеги ишембиликтерге колледждин окутучуулары жана студенттери активдүү катышты

## Октябрь айында аткарылган иштер

**3-октябрь мугалимдер майрамы өткөрүлдү.**

Мугалимдер майрамы колледжде жогорку денгээлде өткөрүлдү, эрте менен жумушка кирип келе жаткан окутуучуларды студенттер ак халат чепчик кийип гүл берип тосуп алашты. Андан соң студенттер тарабынан окутуучуларды сыйлоо аземи тайпалары арасында өткөрүлдү.

**Күзгү ишембиликтер.**

Өзгөн шаардык мэриясы тарабынан өткөзүлгөн ишембиликке колледжибизден 30дан ашуудан студенттери, эс алуу багынын ички жолдорду күзгү жалбырактардан тазалап, жол боюндагы бак дарактарды актап сырдашып, арыктарды тазалоого жетишти. Жалпысынан Насыр Азнабакиев атындагы эс алуу багындагы атракциондордун айласы, ички жолдору, арыктар, толугу менен тазаланды.

## Ноябрь айында аткарылган иштер

7-ноябрь ата бабаларды эскеруу күнүнө карата 1Фарм1-21тайпасынын студенттери үчүн Озгон арахеологиялык музей комплексине экскурсия уюштурулду!.

**“10-ноябрь Бүткүл Дүйнөлүк жаштар күнүнө жана “17-ноябрь Бүткүл Дүйнөлүк студенттер күнү” карата**

17-ноябрь Бүткүл Дүйнөлүк студенттер күнүнө карата ОшМУнун Өзгөн Эл аралык медициналык колледжинин студенттери Өзгөн райондук мамлекеттик администрациясынын башчысынын белектери жана мактоо баракчалары менен сыйланды

## Декабрь айында өткөрүлгөн иштер.

**28-декабрь күнү ОшМУнун ректорунун жаңы жылдык бал кечеси уюштурулду.**

ОшМУнун ректорунун студенттер үчүн уюштурулган жаңы жылдык кечесине колледждин мыкты 15 студент катышып лотореядан байгелүү белектерди ээ болуп майрамдык иш-чарага активдүү катышып келишти

## Февраль аында өткөрүлгөн иштер

**“23-февраль Ата-мекенди коргоо күнүнө” карата 1-2курстун студенттери үчүн Өзгөн районунда жайгашкан аскердик бөлүккө экскурсия уюштурулду.**

21-февраль күнү Өзгөн эл аралык медициналык колледжинин мыкты окуган студенттер үчүн Өзгөн районунда жайгашкан аскердик бөлүккө экскурсия уюштурулду. Бул экскурсияга колледжибезден 20 студент барып таанышып келишити, экскурсия учурунда аскердик бөлүктө жайгашкан аскердик техникалары, казарма, ашканалары менен таанышуулары болду. Аскердик бөлүктө кызмат өтөп жаткан командир “АК-74” улгүсүндөгү Калашников автоматы жана “ Макаров ” үлгүсүндөгү тапанчаны студенттерге тааныштырды. Студенттер өздөрү куралдарды кармап сынап көрүштү. Мекенге кызмат кылуу кызыгуусун артырды студенттер үчүн.

## Март айында өткрүлгөн иштер

**3-март Мамлекеттик Туу күнү белгиленди.**

3-март мамлекеттик туу күнүн өткөрүү тартиби төмөндөгүчө болду. Өзгөн райондук мамлекеттик администрациясынын алдындагы аянтта өткөрүлдү. Жаштар шаар ичин ат мене басып өтүп администрациянын алдына мамлекеттик туулар менен кирип

жүрүшүндө Өзгөн эл аралык медициналык колледжинин колледждин студенттери жер көчкү болгон аймактын темир жана зым тосмолорун оңдоп калыбына келтирип кайтышты.

## Студенттер үчүн семинар

2022-жылдын 27-апрель күнү ОшМУнун Өзгөн эл аралык медициналык колледжинин студенттери үчүн "Жаштар арасында радикализмди алдын алуу" темасында “Фонд Улыбка” коомдук уюму тарабынан семинар өткөрдү. Семинарда коомдук уюдун өкүлдөрү Кыргызстанда Жаштар арасында радикализмди, зордук зомбулукту алдын алуу маселелери жана коомдун көйгөүү болуп келген бул маселелер боюнча маалымат беришти. Семинардын жыйынтыгында студенттерге кеңештер берилди. Семинар дарбиялык иштер максатында жаштарды жаман адаттардан, терс көрүнүштөрөн алдын алуу максатында уюштурулду.

## ОшМУда ачык эшик майрамы өткөрүлдү.

ОшМУда "Ачык эшик күнү" өткөрүлдү. Иш чарага областагы мектеп бүтүрүүчүлөрү жана иш берүүчүлөр чакырылган. Өзгөн эл аралык медициналык колледжинини окутуучулары жана студенттери "Ачык эшик күнүнө" катышып, колледжде окутулган адистиктер боюнча маалыматтарды беришти. Келген коноктор үчүн акысыз кан басымын өлчөп берип жатышты. Ош мамлекеттик университети сыймыктуу бүтүрүүчүлөрүн да майрамдык иш-чарага чакырып белектер менен сыйлады.

## Май айында аткарылган иштер

## \ Өзгөндө"9-май Жеңиш күнү" белгиленди.

"Улуу Ата-мекендик согуштун" 77 жылдыгына карата Өзгөн шаарында митинг реквием (эскерүү) кечеси өткөрүлдү.
Иш-чарага ОшМУнун Өзгөн эл аралык медициналык колледжинин окутуучулары жана жаштар кеңешинин курамы катышып эстилеке гүл чамбар коюшту Иш-чаранын жүрүшүндө Өзгөн районунун акиминин биринчи орун басары Алиев Жалал район элин жеңиш күнү менен куттуктады.

## Акыл айга жеткирет интелектуалдык оюну.

Өзгөн эл аралык медициналык колледжинде илим жумагылыгына карата тарбия жана илимий иштер боюнча жооптуу окутуучулар: Каримбаев Элназар Кошатова Гулзат тарабынан "Акыл айга жеткирет" деген аталыштагы Брей-ринг өткөрүлдү. Брей-рингти окуу жайдын директору Өзгөнбай Тиллебаевич Станбаев ачып берип катышуучуларга ийгилик каалап өттү. Таймашка 8 команда катышып жыйынтыгында 1-2-орунду "Медициналык айым иши" адистигинин 1-2-курсунун студенттери. Фармация адистигинин 1-курсунун студенттери 3-орунду ээлешип, калган командалар окуу жайдын сыйлыктары менен сыйланып ар түрдүү номинацияларга ээ болду. ишчаранын максаты илимий иштерге кызыктуруу жана улуттар аралык достукту чыңдоо болуп саналат.

## Тайпалар арасында мелдеш откорулду

ОшМУнун Өзгөн эл аралык медициналык колледжинде
КРнын президенти Садыр Жапаровдун «Инсандын руханий-адеп-ахлактык өнүгүүсү жана дене тарбиясы жөнүндө» жарлыгын аткаруу максатында колледждин 1-2-курсунун студенттери арасында спорттун волейбол түрү боюнча мелдеш болуп өттү.
Мелдештин максаты студенттерди спортко кызыгуусун арттыруу, дене тарбиясын чыңдоо жана студенттер арасында достукту бекемдөө болуп саналат

келишти. Андан сон мамлекеттик туу көтөрүлүп гимн ойнотулду. Салтанатуу майрамды студенттери даярдаган концерттик программа менен жыйынтыкталды.

**Жазгы ишембиликтер**

**Райондук денгээлде уюштурулган ишембилике активдүү студенттер активдүү катышты.**

Өзгөн райондук мамлекеттик администрация тарабынан өткөзүлгөн ишембилике колледжибизден 30дан ашуудан студенттери аты аталаган жергелерге барып, жол боюндагы таштандыларды тазалап, жол боюндагы бак дарактарды актап сырдашып, арыктарды тазалоого жетишти. Ал эми колледждин эки имаратында Студенттер тарабынан көп жылдык гүлдөр жана арчалар эгилди.

**21-март эл аралык нооруз майрамы өткөрүлдү.**

ӨМК-нын окутуучулары жана жаштар комитети уюштурган "НООРУЗ" Майрамы жогорку денгээлде уюштурулду. Биринчи курстар арасында тамак-аштар көргөзүлүп жана "Нооруз"майрамынын көркүнө чыгарган концерттик программа уюштурулду. тамак аштар коюлуп андан сырткары окутуучулар обон созуп студенттердин концерттик прогромасына күбө болушту."Нооруз" майрамына студенттер өздөрүнүн таланттарын ошондой эле жогорку денгээлде катышуусу көрүнүп турду.Улуттук тамак-аш көргөзмөсүндө биринчи курстар жана адистиктер арасында көргөзмөлөр комиссия курамы тарабынан текшерилип төмөндөгү тайпалар орундарга ээ болду.

**Апрель айында аткарылган иштер.**

ОшМУнун акыйкатчысы Жумабай уулу Бекжан Жумабаев жана анын курамы Өзгөн эл аралык медициналык колледжине иш сапары менен келишип, студенттер менен жолугушуусу өткөрүштү. Жолугушуу колледждин эки окуу корпустарында тең өткөрүлдү. Жолугушуу учурунда студентттерге ОшМУ тууралуу маалымат беришип, студенттердин суроолоруна жооп беришти. Студенттердин укуктары жана милдеттери жөнүндө кызыкуу талкуу жүрдү. Иш чаранын экинчи бөлүгүндө биринчи курстар арасында Брейн-ринг акыл таймашы өткөрүлүп, 4 команда катышты. Акыл таймаш 4 этаптан туруп, ар бир бөлүк 10 суроону камтыды. Берилген суроолорго кыска убакыттын ичинде жооп беришип, студенттер өздөрүнүн билим деңгээлин жана шамдагайлыгын көрсөтө алышты. Жыйынтыгында 1-орунду 1СД-1-21 тайпасы, 2-орунду 1фарм-2-21 тайпасы, 3-орунду 1фарм-1-21 тайпасы ээ болушту жана ОшМУнун дипломдору менен сыйланышты. Ал эми мыкты команда жана мыкты капитан экендигин тастыктаган 1АД-1-21 тайпасы башкы байгени жеңип алды. Иш-чаранын соңунда ОшМУнун акыйкатчысы жана курамы Өзгөндүн тарыхый жерлерин зыярат кылышты

**Жалпак-таш айыл аймагында көчөт эгүү иш-чарасы.**

2022-жылдын 16-апрель күнү. "Тоо экосистемаларын коргоо жана климаттык туруктуулук жылынын" алкагындагы "Жашыл мурас" улуттук иш-чарасын өттү.
Иш-чарага ОшМУнун ректору К. Кожобеков баштаган ректорат жамааты катышып, окуу жана илим изилдөө процесстерин өндүрүш жана бизнес менен айкалыштыруу, студенттик стартаптарды окуу жай дайыма колдой тургандыгын белгиледи.
ОшМУнун табият таануу, туризм жана агрардык технологиялар факультетинин география жана туризм багыттарынын студенттери жана окутуучулар жамааты ошондой эле ОшМУнун Өзгөн эл аралык медициналык колледжинин студенттери жана окутуучулары Өзгөн районунун Жалпак-Таш айыл аймагындагы 2017-жылы жер сүрүлүү жүргөн жерге 200 түп дарак көчөттөрүн отургузуп, жаңгак уруктарын ташташты. Иш-чаранын

Мелдешке Катышкан командалар колледждин диплом жана медаль 🏅жана башка сыйлыктары менен сыйланды..

**1-июнь балдарды коргоонун эл аралык күнүнө карата кайрымдуулук иш-чарасы**

ОшМУнун Өзгөн эл аралык медициналык колледжинин жаштар кеңешинин курамы
"1-июнь балдардын эл аралык күнүнө" карата "Студенттен окуучуга" аттуу кайрымдуулук акциясын өткөрүп Мырза-аке айылындагы балдардын мектеп интернатындагы окуучуларга белектерин тапшырып кайтышты..

**ОшМУнун Өзгөн эл аралык медициналык колледжинде бүтүрүүчүлөрдү узатуу майрамдык иш-чарасы өткөрүлдү.**

Иш-чарага окуу жайыбыздын жетекчилиги, окутуучулары, студенттери, ата-энелер жана коноктор катышты. Иш-чараны жүрүшүндө окуу жайыбыздын жетекчиси Өзгөнбай Станбаев колледжди бүтүп жаткан студенттерге каало тилектерди айтып өз кесибин мыкты билген кадрлар болуусун каалап өттү. Андан соң Окуунун мыктылары, коомдук маданий спорттук иш-чараларга активдүү катышкан студенттер окуу жайыбыздын диплом жана грамоталары менен сыйланды. Иш-чаранын соңунда студенттер үчүн бий кечеси өткөрүлдү.

**Тарбия жана контракт иштери боюнча директодун орун басары:** **Э.С.Каримбаев**